УДК: 392 (575.2) (04)

**Ыйсаева Нурзина Токторбековна**
Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун
Айтматовтаануу борборунун башчысы,
филология илимдеринин кандидаты

# МАХМУД КАШГАРИНИН "ДИВАНИ ЛУГАТ АТ-ТҮРК" СӨЗДҮГҮНДӨГҮ УЛУТТУК КААДА-САЛТКА БАЙЛАНЫШТУУ АЙРЫМ ТҮШҮНҮКТӨР
## (балага байланыштуу ырым-жырым, ишенимдер боюнча)

**Ыйсаева Нурзина Токторбековна**
Руководитель центра Айтматоведения Института языка и литературы им. Ч.Айтматова

# НЕКОТОРЫЕ ПОНЯТИЯ СВЯЗАННЫЕ С НАЦИОНАЛЬНЫМИ ТРАДИЦИЯМИ В СЛОВАРЕ "ДИВАНИ ЛУГАТ АТ-ТҮРК" МАХМУДА КАШГАРИ
## (по обычиям и обрядам связанные с ребенком)

**Yisaeva Nurzina Toktorbekovna,**
Head of the Aitmatology Center of the Department of Kyrgyz Literature, Institute of Language and Literature named after Ch.Aitmatov, Candidate of Philological Sciences

# SOME CONCEPTS RELATED TO NATIONAL TRADITIONS IN THE DICTIONARY "DIVANI LUGAT AT-TURK" BY MAHMOUD KASHGARI
## (according to the customs and rituals associated with the child)

**Аннотация.** Бул макалада Махмуд Кашгаринин «Дивани лугат ат-түрк» аттуу сөздүгүндө балдарга байланыштуу чагылдырылган улуттук каада-салттар, ырым-жырымдар жана ишенимдер иликтенет. Орто кылымдардагы түрк элдеринин турмуш-тиричилиги, бала тарбиясына карата мамилеси, фольклордук жана маданий элементтери сөздүктөгү мисалдар аркылуу ачылып берилет. Өзгөчө кыргыз элинин салт-санаасы менен байланышкан түшүнүктөрдүн мааниси жана алардын бүгүнкү күндөгү улуттук иденттүүлүктөгү орду баса белгиленет.
**Негизги сөздөр:** Махмуд Кашгари, Дивани лугат ат-түрк, каада-салт, ырым-жырым, бала тарбиясы, бешик, Умай эне, түрк дүйнөсү, фольклор, түркология, кыргыз маданияты, салттуу түшүнүктөр

**Аннотация.** В статье рассматриваются национальные обычаи, ритуалы и верования, связанные с детьми, представленные в словаре Махмуда Кашгари «Дивани лугат ат-тюрк». Особое внимание уделяется воспитанию детей, бытовым традициям, культурным и фольклорным элементам тюркских народов средневековья. Анализируются понятия, имеющие параллели в кыргызской традиционной культуре, раскрывается их значение и актуальность в современном контексте национальной идентичности.
**Ключевые слова:** Махмуд Кашгари, Дивани лугат ат-тюрк, традиции, обряды, воспитание детей, колыбель, Умай эне, тюркский мир, фольклор, тюркология, культура кыргызов, традиционные представления.

**Abstract.** This article explores the national customs, rituals, and beliefs related to children as reflected in Mahmud Kashgari's dictionary *Divani Lugat at-Turk*. Special focus is given to child-rearing practices, traditional daily life, and cultural and folkloric elements of the medieval Turkic peoples. The study examines child-related concepts that have parallels in Kyrgyz traditional culture and highlights their significance and relevance in the context of contemporary national identity.
**Keywords:** Mahmud Kashgari, Divani Lugat at-Turk, customs, rituals, child upbringing, cradle, Umai Ene, Turkic world, folklore, Turkology, Kyrgyz culture, traditional beliefs.

Орток түрк тарыхый-адабий мурастары түрк тилдүү элдердин тарыхын, маданиятын изилдөөгө өзгөчө булак боло турган баалуу эмгектер экендиги баарыбызга маалым. XI кылымдагы баалуу эмгектердин бири Махмуд Кашгаринин “Дивани лугат ат-түрк” энциклопедиялык сөздүгү Кашкар жана Жети-Суу аймагында жашаган түрк урууларынан жыйналган 8000 ден ашык сөздөрдөн турат. Махмуд Кашгаринин өзүнүн сөзү менен айтканда: “Мен түрк, түркмөн, өгүз, чыгыл, ягма, кыргыздардын шаар, кыштак, жайлоолорун көп жыл бою кезип чыгып, алардын сөздөрүн, макал-лакаптарын жыйнадым... Ар биринин тилдериндеги сөздөрдүн маани-маңызы мага жат эмес эле, тескерисинче алар менин дилимде орун алган. Мен аларды укмуш иретке келтирип, жөнөкөй жеткиликтүү тартипке салдым...” – дейт. Бул эмгекте накыл сөздөр, кара сөз менен жазылган көркөм чыгармалар, макал-лакаптар, арткы тамгасы уйкашып келген ырлар, тамсилдер берилип алфавитке са-лынып, иреттелген. Кылымдар алмашып, тарыхтын катаал сыноосунан өтүп, 10 кылымга жакын убакыттан бери уникалдуу эмгек катары түрк элдеринин окумуштуулары гана эмес, түрк элдерине кызыккан дүйнөлүк илимпоздордун ар тараптуу изилдөөлөрүнө обьект, факт-материал болуп келген бул эмгектен түрк урууларынын тили, фонетикасы, орфографиясы, орфоэпиясы, лексикологиясы, морфологиясы, синтаксиси дегеле тилдик фактыларды, ошону менен катар этнографиялык, фольклордук, географиялык жана тарыхый мүнөздөгү маалыматтарды табабыз.

Бүгүнкү күндөгү түрк уруулары ар бирибиз бул энциклопедиядан өзүбүзгө тиешелүү маалыматтарды издейбиз, аларды табабыз, изилдейбиз. Кыргыздар тууралуу төмөнкүдөй маалымат берилет: “Хирхиз” деген бир урууга жолуктум, алар таруу, гүрүнч, төө этинен башка ургаачы кой, эчки жана башкалардын этин жешет. Алардын өздөрүнчө туткан жолдору, пикирлери, жана сыйынчу жайлары бар, бир жылда бир нече майрамдары бар, белгилери көк, түштүк тарапты карап намаз окушат, алардын жерлеринде жырткыч айбанаттар көп...”.

Дүйнөлүк тюркологияда “Сөздүк” тууралуу илимий баалуу пикирлерди айткан белгилүү түркolog окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен кыргыз илиминде дагы бир топ окумуштуулар өз эмгектерин сөздүктү изилдөөгө арнады. Алсак, тарыхчылар Өмүркул Караев, Тынчтыкбек Чоротегин, тилчи-окумуштуулар Жээналы Шериев, Мамыр Толубаев, Таалай Токоев, Кубат Кошмоков, Ишенбек Султаналиевдер сөздүктү кыргыз тилине которуу иштеринде чоң эмгек жасашса, Токтосун Акматов, Сүйүмкан Өмүралиева, Баяман Усманбетов, Ибраим Абдувалиев, Гүлжамал Жаманкулова, жаш окумуштуулардан Гүлгаакы Жунушалиева ж.б. тилдик изилдөөлөрдү жүргүзүшсө, адабиятчылар Качкынбай Артыкбаев, Абдылдажан Акматалиев, жаш окумуштуу Абдимиталип уулу Нурсултан “Сөздүктөгү” айрым түрк элдеринин фольклордук элементтерин, лирикалык маанайдагы ырларды, эпикалык баяндарды, адабий жанрларды “Манас” эпосу, фольклордук чыгармалар, акындар чыгармачылыгы жазна жазма адабияттын айрым жанрлары менен салыштырып өз ойлорун ортого салышкан. Акын жазуучулардан Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов, Өскөн Даникеев, Казат Акматов, Бексултан Жакиевдер убагында өз пикирлерин да жазып калтырышкан.

Жыл өткөн сайын бул эмгекке кызыгуу артып, улам жаңы сырлары, улам жаңы кырлары ачылып, изилдөөлөр үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. Изилдөө багытында албетте, азербайжан жана түрк окумуштууларынын эмгектери өзгөчө орунда турат.

Чынындаэлесөздүкменентаанышкандан кийин андагы маалыматтар, түшүнүктөр түрк дүйнөсүнүн улуттук сүрөтүн көз алдыңа келтирет. Өзгөчө орто кылымдагы түрк элдеринин каада-салтына, ырым-жырымына, ишенимдерине байланыштуу бир топ маалыматтар, фактыларды аласың.

Кыргыз элинин күнүмдүк жашоо-тиричиликте колдонгон элдик каада-салттары тарыхый булактардан сырткары “Манас” баштаган элдин оозеки чыгармачылыгында, акындар чыгар-мачылыгында, ошондой эле жазма ада-биятында кеңири көркөм сүрөттөлгөн. Албетте, орто кылымдагы орток-түрк

адабий мурастары дагы орто кылымдагы кыргыздардын айрым түшүнүктөрү, ишенимдери, дүйнөгө болгон көз карашы тууралуу бир топ маалымат алууга булак болот.

"Сөздүктө" балага байланыштуу айрым түшүнүктөр тууралуу тарыхчы, окумуштуу, профессор Тынчтыкбек Чоротегиндин 1987-жылы "Ленинчил жаш" гезетасынын 28-ноябрындагы санына чыккан "Кылым карыткан оюндар" деген аталышта "Сөздүк" боюнча жазган уланма б.а. сандан-санга кеткен макаласынын бир бөлүгү чыккан. Анда окумуштуу балдарга арналган оюндар тууралуу жазып, сөздүктөгү кездешкен айрым түшүнүктөрдү чечмелеп берет, алсак, "чик турды", "чик-бөк" деген түшүнүктү – чүкө оюндарына, "Оглан бүзишти" – деген сүйлөмдү балдар байге түшүп мелдешти, "кобзашты" – деген түшүнүктү комузда кол ойнотуп жарышуу, мелдешүү деп музыкалык маданиятка байланыштуу оюн катары чечмелейт. Тарыхчы, окумуштуу Тынчтыкбек Чоротегиндин Махмуд Кашгаринин "Дивани лугат ат-түрк" сөздүк-энциклопедиясы боюнча жүргүзгөн изилдөөсү кыргыз илиминдеги эле эмес бүтүндөй тюркология илиминдеги барандуу эмгек катары баалуу деп айтсак болот. Бул изилдөөдөн Махмуд Кашгаринин өмүрү, доору, мурасы анын "Диванындагы" Борбордук жана Ички Азиянын аймагындагы түрк элдеринин этнографиясы боюнча баалуу илимий жыйынтыктарды аласың. Жалпы эле Караханиддер доорундагы маданий, илимий жана руханий жетишкендиктер тууралуу изилдөөлөргө багыт бере турган илимий булак болуп саналат.

Бала тарбиялоого түрк элдери анын ичинде кыргыздар өзгөчө көңүл бөлүшкөн. Үй-бүлө күткөндөн кийин ар бир адамдын алдындагы негизги милдеттеринин бири өзүнөн кийин туяк калтырып, татыктуу тарбия берип тукумун улоо. Баланы жашынан ата-энеге күйүмдүү, бир тууганга кайрымдуу, элпек, сылык, боорукер, чыйрак, эрки күчтүү, акылдуу, патриот, жоомарт, жоопкерчиликтүү тарбиялоого умтулушкан. Эзелтеден элибизде балага байланыштуу мыкты ырлар, поэмалар, макал-лакаптар, түрдүү ырым-жырымдар, каада-салттар сакталып келет. Алсак ар бир түрк элинде балага арналган, кыргызда "Бешик ырлары", казакта "Бесик жыры", татарларда "Бишек жырлары", азербайжандарда "Лайла", түрктөрдө "Нинни" ырлары кеңири кездешет. Алардын ар башка элде, ар башка тилде ырдалса да негизги мааниси бир, эненин балага болгон чексиз сүйүүсү, мээрими, ак тилеги, келечекке болгон үмүт-максаттары камтылган.

Бир аз үзүндү келтирели:

Кыргызда: Алдей-алдей, ак бөпөм,
Ак бешикке жат, бөпөм.
Кунан койду сой, бөпөм,
Куйругуна той, бөпөм.
Алдей, балам, ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба.

Казакта: Элди, бөпем, ак бөпем,
Ак бесикке жат, бөпем.
Астыңа терлик салайын,
Үстиңе токым жабайын.
Ауылдап кеткен апаңды
Издеп кайдан табайын?
Жылама бөпем, жылама,
Ата-екеңди кинама!

Азербайжанда:
Лайлай атам баласы,
Айым-гүнүм парасы.
Мэн сэнэ гурбан олум.
Гөзүм агы – карасы.
Гөйчек балам, а лайлай
Чичек балам, а лайлай.

Түрктөрдө: Нинни десем бени якар
Бешигинде гүллер кокар
Кётү сөзлер хатыр йыкар
Нинни явружагым нинни.

Түрк элдеринин балдар фольклорундагы эң көп кездешкен бешик ырлары жаңы төрөлгөн наристени бешикке салып терметүүдө ырдалган.

"Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө" бешикке байланыштуу төмөнкүдөй маалыматтарды алууга болот:

***1318. "бишик үкрилди" – бешик термелди же терметилди***

***1410. "урагут бишик үкриди" – аял киши бешик терметти***

***1010. "улагут углын бишиктен йурды" – аял уулун бешиктен бошотту.***

Бешикке карата кыргыздарда ар кандай ишеним, ырым-жырымдар бүгүнкү күнгө

чейин пайдаланылат. Айрым мисалдарды келтирсек:

“Бешикке баланы оң жагынан бөлөйт”

“Бешикке баланы саларда, бешикти, шимекти майлайт”

“Бешикти аттабайт”

“Бешикти бут менен жылдырбайт”

“Бешикти бут менен терметпейт”

“Бешикти жабуусуз калтырбайт”

“Бешикти экөөлөп көтөрбөйт”

“Бешикти экөөлөп терметпейт”

“Куру бешикти терметпе” – ж.б.

Бешик – ыйык буюм катары эсептелип, анда жарык дүйнөгө келген наристе жатат деп, баланын тазалыгы, ден-соолугу үчүн кам көрүп, ойдогудай өсүшү үчүн бардык камкордугун жасап, аздек тутушкан. Бешик көчүп-конууга да ыңгайлуу болгон.

**48. “умайга табынса угул болор” – умайга (умай энеге) табынса, уул болор. Төрөткө ким жардам берсе ал уулдуу болор. Аялдар муну жакшылыкка жоруйт.** Умай эне – кыргыздардын салттуу сыйынуусу, ислам дини тараганга чейин түрк элдеринин сыйынуусундагы негизги колдоочуларынын бири. Жаңы төрөлгөн наристенин, аялзатынын, төлдүн жана түшүмдүүлүктүн, коломтонун колдоочусу. Кыргыздардын түшүнүгүндө Умай эне аялдарды, балдарды, үйдү, укум-тукумду колдогон. Жаңы төрөлгөн наристени бешикке бөлөөрдө “Бешик ээси бек карма, Умай эне уйку бер” деп суранышкан. Эмчи-домчу, бүбү-бакшылар төрөт учурунда же баланы эмдегенде Умай энеге кайрылышып, “Менин колум эмес, Умай эненин колу” дешкен.

Бардык элдерде кездеше турган балага арналган ырым-жырымдар, салттык жөрөлгөлөрдү атасак, балага кырк күн болгондо “кыркын чыгаруу”, “бешикке салуу”, бир жашка чыкканда “тушоо кесүү”, 3-5-жашка келгенде “сүннөт тою”, андан кийин эрезеге жетсе “үйлөнүү тою” белгиленет. Түрк элдеринде бул каада-салттар ирети менен ичинен айырмаланган ыры-жырымдары менен ишке ашырылат. Ар бир кубанычтуу той албетте, баланын кең келечеги, жакшы адам болуп өсүшүнө тилек айтып, “бата берүү” менен коштолот.

“Сөздүктө” дагы ***“углан арытты” – уул бала отургузулду деген түшүнүк да берилген.*** Эркек бала 3-5 жашка чыкканда наристеликтен балалык баскычка өткөндө, мусулманчылыктын ырымы менен “колун адалдоо”, “сүннөткө отургузуу” өткөрүлөт. Кыргыздарда отургузууну устат кишилер баланын колуна жото жилик карматып, көзүн таңып, өз ырымын жасашып:

“Колуң адал болсун!

Атанын алтын казык изи бол,

Ак шумкардын курч мизи бол.

Азамат бол, эр бол,

Ааламдагы шер бол!” – деген тилек менен коштолгон.

Ошондой эле баланы суук көздөн, жаман сөздөн сакташ үчүн дагы түрк элдери анын ичинде кыргыздар ар кандай ырымдарды пайдаланышат. “Сөздүктө” ***“екит” деген түшүнүк берилет – көз тийүүдөн сактануу үчүн балдардын бетине сүйкөлүүчү бир түрдүү дары. Бул дары запран жана ошол өңдүү нерселер кошулуп жасалат.*** Ал эми кыргыздарда баланын чекесине казандын көөсүн сүртүп, көз тийбесин, кирине кирбесин деп ырым кылышкан. Мындан сырткары баланы суук көздөн, жаман сөздөн сакташ үчүн ар кандай ишеним, ырым-жырымдарды да пайдаланышкан. Алсак:

“Баланын кийимине ак дана мончок тагат”

“Баланын кийимине аюунун тырмагын тагат”

“Баланын кийимине бөрүнүн тишин тагат”

“Баланын жуулган кийимдерин түнү ай-жылдызга көрсөтпөйт”

“Баланын кыркы чыкмайынча сыртка алып чыкпайт”

“Баланын кыркын чыгарганга чейин анын атын толук айтып чакырбайт” ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, “Түрк тилдер сөздүгүнө” материал топтоодо Махмуд Кашгари кыргыз урууларына көбүрөөк аралашып, кыргыздардын жашоо-шартына, турмуштук өзгөчөлүктөрүнө, жашаган жерине байланыштуу түшүнүктөрдү, маалыматтарды көп киргизген. Сөздүктү окуганда анда балдарга арналган салт, ырым-жырымдар гана эмес, адам баласы төрөлгөндөн баштап көзү өткөнгө чейин коштоп жүргөн каада-салт, ырым-жырымдар боюнча түшүнүктөр арбын кездешкенин көрөбүз. Мындан сырткары

улуттук тамак-ашка, улуттук кийим-кечекке, кол өнөрчүлүккө, дагы башка ишеним-түшүнүктөргө токтолууга болот. Айта кете турган нерсе кыргыздын каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары, ишенимдери "Манас" эпосунда, кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгынын бардык үлгүлөрүндө көркөм чагылдырылган. Кыргыз окумуштууларынын алдында чоң милдеттер турат деп ойлойм. Башка түрк элдериндеги изилдөөлөргө караганда бизде изилдөөлөр азыраак, себеби түп нуска менен таанышуу, аны которуу иштери бир аз кечигип жасалгандыгында десек болот.

Жыйынтыктап айтсак, бул эмгектен жалпы түрк элдеринин тарыхын, маданиятын, этнографиясын, этнопедагогикасын, философиясын, нумерологиясын, астрономиясын ж.б. изилдөөлөргө факт-материалдарды табууга болот. Махмуд Кашгаринин "Дивани лугат-ат түрк" эмгеги орто кылымдагы баалуу илимий-практикалык, маданий мурас катары улам кийинки муундарга түбөлүккө кала бермекчи!

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. 1-том/Которгондор: Таалай Токоев, Кубат Кошмоков. Баш сөзүн жазган Абдылдажан Акматалиев. – Бишкек: Avrasyapress, 2011. – 906 бет.

2. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. 2-том/Которгондор: Таалай Токоев, Кубат Кошмоков. – Бишкек: "Avrasyapress" басмасы, 2012. – 592 бет.

3. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. 3-том/Которгондор: Таалай Токоев, Кубат Кошмоков. – Бишкек: Avrasyapress, 2013. – 680 бет.

4. Махмуд Кашгаринин "Түрк тилдеринин сөздүгү" аттуу улуу мурасындагы макал-лакаптар, ырлар, кошоктор / Түзгөн: Кубатбек Кошмоков. – Бишкек, 2014. – 314 бет.

5. Чоротегин Тынчтыкбек. Махмуд Кашгари Барсканинин "Дивану лугати т-түрк" эмгеги – түрк элдеринин тарыхы боюнча көөнөргүс булак: Илимий басылыш. – Бишкек: "Турар" басмасы, 2017. – 376 бет.

6. Классикалык изилдөөлөр жана тексттер: Жусуп Баласагын. Махмуд Кашгари /Түз.: А. Акматалиев, Г. Орозова. – Бишкек: "Полиграфбумресурстар" басмаканасы, 2018. – 544 бет.

7. Жаманкулова Г. Махмуд Кашгаринин диваны жана баяндоочтун трансформацияланган формалары. – Бишкек: "Бийиктик" басмасы, 2011. – 256 бет.

8. Каада-салттар, ырым-жырымдар. 20-том /Баш сөзүн жазган Н. Ыйсаева. Түзгөндөр: А. Акматалиев, Н. Ыйсаева. – Б.: "Принт-экспресс" басмаканасы, 2016. – 558 бет.

9. Кыргыздын улуттук маданияты / Түзгөн: К. Жусупов, Ж.Бакашева, К. Иманалиев, М. Өмүрбай уулу. – Бишкек, 2012. – 972 бет.

10. Абдимиталип уулу Нурсултан. О некоторых фольклорных элементах в словаре Махмуда Кашгари "Дивани лугат-ат түрк"/ Вестник Ошского государственного университета. – 2023. - №2. – стр. 99-104. https://cyberleninka.ru/article/n/o-nekotoryh-folklornyh-elementah-v-slovare-mahmuda-kashgari-divan-lugat-at-turk/viewer